БЕКИТЕМИН

Мектеп директору

Кенжегулова О.А

**А.Тилекеев атындагы Орто-Арык жалпы билим берүү орто мектебинин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жалпы билим берүү уюмдарында окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация милдеттүү болот.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы мамлекеттик аккредитацияланган (аттестацияланган) кесиптик орто билим берүүчү уюмдарда өткөрүлөт жана ал билим деңгээли, квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү менен жыйынтыкталат.

3. Мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) жок окуу жайларда билим алган адамдардын бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүгө жана мамлекетик документти алуусу камсыздалат.

4. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы жалпы билим берүү уюмдарында ар бир негизги жалпы билим берүүчү программа боюнча түзүлүүчү мамлекеттик аттестациялык комиссиялар тарабынан ишке ашырылат.

5. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары өз иштеринде ушул Жобого, жалпы билим берүүчү уюм мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде жалпы билим берүүнүн конкреттүү адистиктери боюнча иштеп чыгуучу окуу-методикалык документтерге таянышат.

## 2. Мамлекеттик жыйынтыктоочу сыноолордун түрлөрү

6. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аттестациялык сыноолордун төмөнкүдөй түрлөрүнөн турат:

- төрт сабак боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
- бир сабактан танлоо экзмени;

7. Ар бир сабак боюнча жыйынтыктоо экзамени окуучунун окутуу программасында каралган материалды билүү деңгээлин аныктоого жана ал сабактын мамлекеттик билим берүү стандартында каралган минимум мазмунун камтууга тийиш.

8. Экзамен боюнча конкреттүү маселелерди чечүүдө билимин системалаштырууга, ошондой эле бүтүрүүчүнүн өз алдынча иштөөгө даярдык деңгээлин аныктоого арналат. Бүтүрүүчү жатжазуу, дилбаян, эссе, текшерүү иши, тест, оозеки формасында аткарылат. Бүтүрүүчү өз ишинин темасын тандоо укугу берилип, керек болсо ал өзүнүн тематикасын, максаттуулугун далилдөө менен сунуштай алат. Бүтүрүү квалификациялык ишти даярдоодо ар бир окуучуга жетекчи жана кеңеш берүүчүлөр бекитилет.

9. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо мамлекеттик аттестациясынын курамына кирген аттестациялык сыноолордун убакыт көлөмү жана түрлөрү, кесиптик орто конкреттүү билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизилген аттестациялык сыноолор окуучулардын даярдыгынын учурдагы жетишкендигин баалайт.

10. Жыйынтыктоо экзамендеринин программалары уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилет.